**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛ ОКМОТ**
**ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

**Тилектеш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги**
**XIX отурумунун**
**Т О К Т О М У**

**28.05.2026. № 19/3** **Жаңы-Турмуш айылы**

**Коомдук тартипти коргоо, мыйзам бузууларды болтурбоо жана үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы иш-чаралардын аткарылышы жөнүндө**

Коомдук тартипти коргоо, мыйзам бузууларды болтурбоо жана үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы иш-чаралардын аткарылышы жөнүндө айылдык кенештин социалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27- апрелиндеги № 63 “Үй- бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 19-беренесине жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинин 17, 22-пункутуна ылайык, Тилектеш айылдык Кенешинин VIII чакырылышынын кезектеги XIX сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинин 17, 22-пунктуна ылайык, айыл аймагында үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу жана түшүндүрүү иштери күчөтүлсүн.
**2.** Айыл өкмөтүнө калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, аялдарга, балдарга жана үй-бүлөлөргө укуктук маалымат берүү, тиешелүү мекемелер менен биргеликте алдын алуу иш -чараларын уюштуруу милдеттендирилсин.
**3.** Участкалык инспекторлорго, аксакалдар сотуна, аялдар кенешине жана социалдык кызматкерлер менен биргеликте үй-бүлөлүк чыр-чатактардын алдын алуу, тобокелчилик тобундагы үй-бүлөлөрдү көзөмөлдөө тапшырылсын.
**4.** Билим берүү мекемелеринде үй-бүлөлүк баалуулуктарды чыңдоо жана зордук-зомбулуктун кесепеттери боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
**5.** Ушул токтомдун аткарылышын камсыздоо айыл өкмөтүнө, ал эми көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин социалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Төрөшев**